# Кыргыз Республикасы
# Өзгөчө кырдаалдар министрлиги

## Өзгөчө кырдаалдарга шашылыш чара көрүү долбоору
## (ӨКШЧД)
## P509818

## Экологиялык жана социалдык милдеттенмелер планы
## (ЭСМП)

**Сентябрь 2025**

## ЭКОЛОГИЯЛЫК ЖАНА СОЦИАЛДЫК МИЛДЕТТЕНМЕЛЕР ПЛАНЫ (ЭСМП)

1. Кыргыз Республикасы ("Каржы алуучу") Өзгөчө кырдаалдарга шашылыш чара көрүү долбоорун (мындан ары - Долбоор) Финансылык келишимге (мындан ары - Келишим) ылайык Финансы министрлиги (координациялоочу орган), Өзгөчө кырдаалдар министрлиги (Аткаруучу орган), Саламаттыкты сактоо министрлиги, Билим берүү жана илим министрлиги, Эмгек, социалдык камсыздоо жана миграция министрлиги, Суу чарба, айыл чарба жана кайра иштетүү өнөр жай министрлиги жана башка мамлекеттик органдардын катышуусу менен ишке жүзүнө ашырылат. Эл аралык өнүктүрүү ассоциациясы (мындан ары – Ассоциация) Келишимде каралгандай Долбоорду каржылоого макул болду.
2. Каржы алуучу Долбоорду Дүйнөлүк банктын социалдык жана экологиялык стандарттарына (СЭС) жана ушул Экологиялык жана Социалдык милдеттенмелер планына (ЭСМП) ылайык, Ассоциация үчүн кабыл алынуучу формада ишке ашырууну камсыз кылат. Бул ЭСМПи Келишимдин ажырагыс бөлүгү болуп саналат. Эгерде бул жерде башкача каралбаса, ЭСМПде колдонулган баш тамгалар менен жазылган терминдер Келишимде аныкталган мааниге ээ.
3. Жогоруда айтылгандар менен чектелбестен, ушул ЭСМПи Каржы алуучу ишке ашырууга же анын ишке ашырылышын камсыз кылууга тийиш болгон маанилүү чараларды жана аракеттерди аныктайт. Бул чараларга зарылчылыгына жараша тиешелүү мөөнөттөрдү, институционалдык, кадрдык, окутуу, мониторинг жана отчет берүү механизмдерин, ошондой эле арыздарды башкарууну киргизет. ЭСМПи ошондой эле СЭСке ылайык, Ассоциация үчүн кабыл алынуучу формада жана мазмунда даярдалышы, жаңыртылышы, консультациялардын алкагында макулдашылышы, коомчулукка ачыкталышы жана Долбоордун жүрүшүндө ишке ашырылышы керек болгон социалдык жана экологиялык документтерди аныктайт. Бул документтер Ассоциация менен макулдашуу боюнча кайра каралышы мүмкүн. Келишимдин шарттарына ылайык, Каржы алуучу ЭСМПни аткаруу үчүн жетиштүү ресурстарды бөлүп берүүгө тийиш.
4. Ассоциация менен Каржы алуучунун ортосундагы макулдашууга ылайык, ушул ЭСМПи зарылчылыкка жараша адаптивдик башкарууну, Долбоордогу өзгөрүүлөрдү, күтүлбөгөн жагдайларды же ишке ашыруунун жыйынтыктарына жооп иретинде чагылдыруу үчүн кайра каралышы мүмкүн. Мындай учурларда тараптар Келишимде көрсөтүлгөндөй, Ассоциациянын жана Каржы алуучунун ыйгарым укуктуу өкүлдөрү кол койгон каттар менен алмашуу жолу аркылуу ЭСМПни жаңыртышат. Кайра каралган ЭСМПи дароо коомчулукка ачыкка берилет.
5. Бул документтин башка жериндеги "Даярдык көрсөткүчтөрү" бөлүмчөсүндө Долбоордун даярдыгын баалоо үчүн мониторинг жүргүзүлө турган иш-чаралар жана чаралар аныкталат. Жогоруда айтылгандарга карабастан, ЭСМПде көрсөтүлгөн бардык чаралар жана иш-чаралар "Даярдыктын индикаторлорунун" тизмесине киргизилгендигине карабастан, ЭСМПнин таблицасында белгиленген мөөнөттө аткарылууга тийиш.

| МААНИЛУУ ЧАРАЛАР ЖАНА АРАКЕТТЕР | | МӨӨНӨТҮ | ЖООПТУУ ТАРАП |
|---|---|---|---|
| **ИШКЕ АШЫРУУНУН МЕХАНИЗМДЕРИН ЖАНА ПОТЕНЦИАЛДЫ КОЛДОО** | | | |
| A | **УЮШТУРУУ ТҮЗҮМҮ**<br>Долбоорду ишке ашыруу бөлүмүн (ДИАБ) колдоо, анын ичинде долбоорду ишке ашыруунун бүткүл мезгилинде сакталып кала турган экологиялык жана социалдык адисти дайындоо. ӨКШЧД долбоорун активдештирүү жана ишке ашыруу учурунда банк тарабынан каржыланган иштеп жаткан долбоордон бир экологиялык адис жана бир социалдык адис дайындалат. ДИАБты колдоо үчүн зарыл болгон учурда Банк ишке ашыруунун жүрүшүндө аныктаган кошумча техникалык адистер ишке алынат. | Долбоорду ишке ашыруу учурунда экология боюнча адис жана социалдык адис иштейт.<br>Бир экологиялык адис жана бир социалдык адис ӨКШЧД долбоорунун алкагында каржылануучу тиешелүү иш-чаралар үчүн тендердик жол-жоболор башталганга чейин дайындалат жана ӨКШЧД долбоорун ишке ашыруунун бардык мезгилинде кызматын улантат. | Кыргыз Республикасынын Өзгөчө кырдаалдар министрлиги (КР ӨКМ) |
| **МОНИТОРИНГ ЖАНА ОТЧЕТ** | | | |
| B | **РЕГУЛЯРДУУ ОТЧЕТТУУЛУК**<br>Долбоорду жарыялагандан кийин, экологиялык, социалдык жана эмгектик, ден соолук жана коопсуздук аспектилери боюнча долбоордун ишинин натыйжалары боюнча үзгүлтүксүз мониторинг отчетторун даярдап, Ассоциацияга тапшырыңыз. Отчеттор төмөнкүлөрдү камтууга тийиш:<br>- ЭСМП алкагында талап кылынган экологиялык жана социалдык документтерди ишке ашыруунун абалы. | Долбоорду ишке ашыруунун бүткүл мезгили боюнча Ассоциацияга квартал сайын отчет берип туруу. | КР ӨКМ/ ДИАБ |

| МААНИЛУУ ЧАРАЛАР ЖАНА АРАКЕТТЕР | | МӨӨНӨТҮ | ЖООПТУУ ТАРАП |
|---|---|---|---|
| | - Кызыкдар тараптардын катышуусу боюнча иш-чаралардын корутундусун Кызыкдар тараптардын катышуу планына (КТКП) ылайыктуу даярдоо.<br>- Арыз кароо механизм аркылуу келип түшкөн арыздарды, арыз журналы жана аларды чечүүнүн жүрүшү.<br>- Төмөндө Д иш-чарасында билдирилген инциденттер менен кырсыктардын саны жана чечилиш абалы.<br>- ДИАБ кызматкерлерине, бөдрөтчүлөргө (подрядчик) жана жумушчуларга, ошондой эле өзгөчө кырдаалдардын кесепеттерин жоюу боюнча тиешелүү персоналга окуу өткөрүү, анын ичинде, бирок алар менен чектелбестен: жеке коргонуу жабдыктарын колдонуу (ЖКЖ), коомдук ден соолук жана коопсуздук, эмгекти коргоо жана коопсуздук, сексуалдык эксплуатацияны, зомбулукту жана сексуалдык кысымы алдын алуу (СЭЗ/ СК).<br>- Ар кандай башка аспектилер ЖСЧБП долбоорунда каралган же Ассоциация тарабынан талап кылынса. | | |
| С | **БӨДРӨТЧҮЛӨРДҮН (ПОДРЯДЧИК) АЙЛЫК ОТЧЕТТОРУ**<br>Бөдрөтчүлөрдөн (подрядчик) жана мониторинг жүргүзүүчү фирмалардан тиешелүү тендердик документтерде жана контракттарда көрсөтүлгөн көрсөткүчтөргө ылайык экологиялык жана социалдык көрсөткүчтөрдүн мониторинг отчетторун ай сайын берүүнү талап кылуу жана мындай отчетторду Ассоциацияга берүү. | Банктын талабы боюнча айлык отчетторду жана жогоруда В пунктуна ылайык кварталдык отчеттордун тиркемелери катары берүү. | КР ӨКМ/ ДИАБ |
| Д | **ИНЦИНДЕНТТЕР ЖАНА КЫРСЫКТАР**<br>Курчап турган чөйрөгө, жапа чеккен жамааттарга, коомчулукка же жумушчуларга олуттуу терс таасирин тийгизген же болушу мүмкүн болгон, анын ичинде жумушчулардын же коомчулуктун өлүмүнө же олуттуу жаракатына алып келген ар кандай долбоорго байланыштуу инциденттер же кырсыктар жөнүндө Ассоциацияга | | КР ӨКМ/ ДИАБ |

| МААНИЛУУ ЧАРАЛАР ЖАНА АРАКЕТТЕР | | МӨӨНӨТҮ | ЖООПТУУ ТАРАП |
|---|---|---|---|
| | кабарлоо; зомбулук, дискриминация же наразылык акциялары; маданий мураска же биологиялык ар түрдүүлүк ресурстарына күтүлбөгөн таасирлер; айлана-чөйрөнүн булганышы; дамба бузулуу; мажбурлоо же балдар эмгеги; мыйзамдуу жол-жобосу жок жер которуу (мажбурлап көчүрүү); сексуалдык эксплуатация же зомбулук (СЭЗ) же сексуалдык кысым (СК); же оорунун чыгышы. Ассоциацияга анын талабы боюнча окуянын же кырсыктын жеткиликтүү маалыматтарын бериңиз.<br><br>Инцинденттин же кырсыктын дароо, негизги жана түпкү себептерин аныктоо үчүн туура иликтөөнү уюштуруу. Түзөтүүчү иш-чараларынын планын даярдоо, Ассоциация менен макулдашуу жана ишке ашыруу. Бул Планда инцидентти же кырсыкты жоюу жана анын кайталанышына жол бербөө үчүн көрүлө турган чаралар жана аракеттер белгилеген. | Окуя же кырсык жөнүндө маалымат алгандан кийин 48 сааттан кечиктирбестен Ассоциацияга билдирүү. Банктын талабы боюнча жеткиликтүү маалыматты камсыз кылуу.<br><br>Текшерүү корутундусун жана Түзөтүү иш-чараларынын планын, эгерде Ассоциация тарабынан жазуу жүзүндө башка мөөнөттөр макулдашылбаса, баштапкы кабарлоодон кийин 10 күндөн кечиктирбестен Ассоциацияга берүү. | |
| Э | **ПОЗИТИВДҮҮ ТИЗМЕ**<br>Долбоордун алкагында Операциялык колдонмодо жана ЖСЧБП долбоорунда аныкталгандай, Позитивдүү тизмеге кирген иш-чараларга гана уруксат берилет. Аларга чон курулуш иштери, жерлерди бөлүп алуу, өзгөчө корголуучу аймактардагы иш-чаралар жана башкалар кирбейт.<br>Позитивдүү тизмеге киргизилген ар кандай өзгөртүүлөр алдын ала каралып, Ассоциациядан "каршылык жок" алынууга тийиш. | Долбоорду ишке ашыруунун бүткүл мезгили боюнча | КР ӨКМ/ ДИАБ |

| | МААНИЛУУ ЧАРАЛАР ЖАНА АРАКЕТТЕР | МӨӨНӨТҮ | ЖООПТУУ ТАРАП |
|---|---|---|---|
| **СЭС 1: ЭКОЛОГИЯЛЫК ЖАНА СОЦИАЛДЫК ТОБОКЕЛЧИЛИКТЕРДИ ЖАНА ТААСИРЛЕРДИ БААЛОО ЖАНА БАШКАРУУ** | | | |
| 1.1 | **ЭКОЛОГИЯЛЫК ЖАНА СОЦИАЛДЫК БААЛОО ЖАНА/ЖЕ ПЛАНДАР**<br>Долбоордун ЖСЧБП долбоорун жыйынтыктоо, ачыкка берүү жана ишке ашыруусу тиешелүү социалдык жана экологиялык стандарттарга (СЭС) ылайыктоо. | Долбоорду баалоо аяктаганга чейин ЖСЧБП долбоорун жыйынтыктоо жана ачыкка берүү.<br>Долбоорду ишке ашыруунун бүткүл мезгилинде ЖСЧБП долбоорун ишке ашыруу.<br>Жыл сайын жана Ассоциациянын талабы боюнча Долбоорду карап чыгуунун графигине ылайык ЖСЧБП долбоорун карап чыгуу жана жаңылоо. | КР ӨКМ/ ДИАБ |
| 1.2 | **БӨДРӨТЧҮЛӨРДҮ (ПОДРЯДЧИК) БАШКАРУУ** | Тендердик документтерди жана тиешелүү келишимдерди даярдоонун алкагында жана сатып алуу процесси башталганга чейин.<br>Долбоорду ишке ашыруунун бүткүл | КР ӨКМ/ ДИАБ |

| МААНИЛУУ ЧАРАЛАР ЖАНА АРАКЕТТЕР | | МӨӨНӨТҮ | ЖООПТУУ ТАРАП |
|---|---|---|---|
| | Экологиялык жана социалдык милдеттенмелер планынын (ЭСМП) тиешелүү жоболору, анын ичинде, атап айтканда, ЖСЧБП долбоорун, Адам ресурстарын башкаруу жол-жоболор (АРБЖ) процедурасын жана Жүрүм-турум кодексин тендердик документтерди даярдоодо жана бөдрөтчүлөр (подрядчик) жана көзөмөлдөөчү уюмдар менен келишимдерди түзүүдө экологиялык жана социалдык спецификациясына киргизуу зарыл. Бөдрөтчүлөр (подрядчик) жана көзөмөлдөөчү уюмдар ушул спецификацияларды сактоосун камсыз кылуу жана алардын субподрядчыларынан тиешелүү келишимдердин экологиялык жана социалдык талаптарын аткарууну талап кылуу. Ассоциацияга бөдрөтчүлөр /субподрядчылар жана көзөмөлдөөчү уюмдар менен тиешелүү келишимдердин көчүрмөлөрүн берүү. | мезгилинде бөдрөтчүлөргө (подрядчик) көзөмөл жүргүзүү. Тиешелүү келишимдердин көчүрмөлөрү Ассоциациянын талабы боюнча берилет. | |
| **СЭС 2: ЭМГЕК ЖАНА ЭМГЕК ШАРТТАРЫ** | | | |
| 2.1 | **КАДРЛАРДЫ БАШКАРУУ ПРОЦЕДУРАЛАРЫ**<br>ЖСЧБП долбоорунун бөлүгү катары Адам ресурстарын башкаруу жол-жоболор (АРБЖ) процедурасын ишке ашыруу. | Долбоорду ишке ашыруунун бүткүл мезгили боюнча АРБЖ процедурасын ишке ашыруу. | КР ӨКМ/ ДИАБ |
| 2.2 | **ЭМГЕКТИ КОРГОО ЖАНА КООПСУЗДУКТУ БАШКАРУУ ПЛАНЫ**<br>Долбоордун алкагында, ЖСЧБП долбоорунун бир бөлүгү катары каралган Эмгек коргоо жана коопсуздукту башкаруу алкактык саясаты СЭС2 жана Дүйнөлүк банктын Курчап турган чөйрөнү коргоо, ден соолук жана коопсуздук боюнча колдонмолоруна ылайыктуу, эмгекти коргоо жана коопсуздук тобокелдиктерин жана таасирин баалоону жана башкарууну ишке ашыруу. | ЖСЧБП долбоорунун ишке ашыруу мөөнөттөрүндөй жана Долбоорду ишке ашыруунун бүткүл мезгили. | КР ӨКМ/ ДИАБ |

| МААНИЛУУ ЧАРАЛАР ЖАНА АРАКЕТТЕР | | МӨӨНӨТҮ | ЖООПТУУ ТАРАП |
|---|---|---|---|
| 2.3. | Жыл сайын жана Ассоциациянын талабы боюнча ЖСЧБП долбоорунун алкагында Адам ресурстарын башкаруу жол-жоболор (АРБЖ) процедурасын карап чыгуу жана жаңылоо.<br><br>Эмгекти коргоо алкактык саясатында белгиленген эмгекти коргоо жана коопсуздук чараларын сактоосун жана ишке ашыруусун камсыз кылуу. | ЖСЧБП долбоорунун ишке ашыруу мөөнөттөрүндөй жана Долбоорду ишке ашыруунун бүткүл мезгили.<br>Участкага жалданма жумушчуларды мобилизациялоонун алдында. | КР ӨКМ/ ДИАБ |
| 2.4 | **ДОЛБООРДУН КЫЗМАТКЕРЛЕРИ ҮЧҮН АРЫЗ КАРОО МЕХАНИЗМИ**<br>Адам ресурстарын башкаруу жол-жоболор (АРБЖ) процедурасында каралган жана СЭС2ге ылайыктуу Долбоордун кызматкерлери үчүн Арыз кароо механизмин (АКМ) түзүү жана иштетүү. | ЖСЧБП долбоорунун ишке ашыруу мөөнөттөрүндөй жана Долбоорду ишке ашыруунун бүткүл мезгили. | КР ӨКМ/ ДИАБ |
| **СЭС 3: РЕСУРСТАРДЫН НАТЫЙЖАЛУУЛУГУ ПАЙДАЛАНУУ, БУЛГАНУУНУ АЛДЫН АЛУУ ЖАНА БАШКАРУУ** | | | |
| 3.1 | **ТАШТАНДЫЛАРДЫ БАШКАРУУ ПЛАНЫ**<br>Долбоордун алкагында, ЖСЧБП долбоорунун бир бөлүгү катары каралган Инфекцияны көзөмөлдөө жана саламаттык сактоо калдыктарын башкаруу боюнча алкактык саясаты жана Таштандыларды башкаруунун алкактык саясаты коркунучтуу жана кооптуу эмес таштандыларды туура башкаруу максатында жана СЭС3 жана Дүйнөлүк банктын Курчап турган чөйрөнү коргоо, ден соолук жана коопсуздук боюнча колдонмолоруна ылайыктуу ишке ашырылат. | ЖСЧБП долбоорунун ишке ашыруу мөөнөттөрүндөй жана Долбоорду ишке ашыруунун бүткүл мезгили. | КР ӨКМ/ ДИАБ |

| МААНИЛУУ ЧАРАЛАР ЖАНА АРАКЕТТЕР | | МӨӨНӨТҮ | ЖООПТУУ ТАРАП |
|---|---|---|---|
| | Бул Таштандыларды башкаруунун алкактык саясаты өзгөчө кырдаалдын түрүнө ыңгайлаштырылат жана Долбоор алкагында каржыланган иш-чаралар үчүн өзгөчө кырдаал мезгилинде колдонулат. | Долбоорду ишке ашыруунун бүткүл мезгилинде Инфекцияны көзөмөлдөө жана саламаттык сактоо калдыктарын башкаруу боюнча алкактык саясатын жана Таштандыларды башкаруунун алкактык саясатын ЖСЧБП долбоорунун бир бөлүгү катары жыл сайын кайрадан карап чыгуу жана жаңыртуу каралат, ошондой эле Ассоциациянын талабы боюнча берилет. | |
| 3.2 | **РЕСУРСТАРДЫ НАТЫЙЖАЛУУ ПАЙДАЛАНУУ ЖАНА БУЛГАНУУНУ АЛДЫН АЛУУ ЖАНА КОНТРОЛДОО**<br>Даярдала турган ЖСЧБП долбооруна ресурстарды үнөмдөө, булганууну алдын алуу жана башкаруу боюнча иш-чараларды киргизүү. | ЖСЧБП долбоорунун ишке ашыруу мөөнөттөрүндөй жана Долбоорду ишке ашыруунун бүткүл мезгили. | КР ӨКМ/ ДИАБ |
| **СЭС 4: КООМДУК ДЕН СООЛУК ЖАНА КООПСУЗДУК** | | | |
| 4.1 | **ЖОЛ КООПСУЗДУГУ** | | |

| МААНИЛУУ ЧАРАЛАР ЖАНА АРАКЕТТЕР | | МӨӨНӨТҮ | ЖООПТУУ ТАРАП |
|---|---|---|---|
| | Долбоордун алкагында, ЖСЧБП долбоорунун бир бөлүгү катары каралган Жол коопсуздугун башкаруунун алкактык саясаты жол кыймылынын тобокелдиктерин жана таасирлерин баалоо жана башкаруу максатында ишке ашырылат. | ЖСЧБП долбоорунун ишке ашыруу мөөнөттөрүндөй жана Долбоорду ишке ашыруунун бүткүл мезгили. | КР ӨКМ/ ДИАБ |
| 4.2 | **КООМДУК САЛАМАТТЫК ЖАНА КООПСУЗДУК**<br>Жогорудагы 1.1 иш-аракетинде көрсөтүлгөндөй, Долбоордун ЖСЧБП долбооруна ылайык өзгөчө кырдаалдарда долбоордук иш-аракеттерден келип чыккан коомчулукка конкреттүү тобокелдиктерди жана таасирлерди баалоо жана башкаруу. | ЖСЧБП долбоорунун ишке ашыруу мөөнөттөрүндөй жана Долбоорду ишке ашыруунун бүткүл мезгили. | КР ӨКМ/ ДИАБ |
| 4.3 | **СЭЗ ЖАНА СК КОРКУНУЧТАРЫ**<br>Долбоордун ЖСЧБП долбооруна ылайыктуу долбоордук иш-чаралардын жүрүшүндө келип чыккан СЭЗ жана СК коркунучтарды башкаруу жана кызматкерлердин жүрүм-турум кодексин колдонуу. | Долбоорду ишке ашыруунун бүткүл мезгили бою ЖСЧБП долбоорунун ишке ашыруу. | КР ӨКМ/ ДИАБ |
| **СЭС 5: ЖЕРДИ БӨЛҮП АЛУУ, ЖЕРДИ ПАЙДАЛАНУУГА ЧЕКТӨӨЛӨР ЖАНА МАЖБУРДУУ КӨЧҮРҮҮ** | | | |
| 5.1 | Бул стандарт Долбоорго тиешелүү эмес. Жерди сатып алуу, жерди пайдаланууну чектөө жана мажбурлап көчүрүү менен байланышкан иш-чаралар Долбоордо каралбайт. | Колдонулбайт | Колдонулбайт |
| **СЭС 6: БИОЛОГИЯЛЫК АР ТҮРДҮҮЛҮКТҮ САКТОО ЖАНА ТИРҮҮ ЖАРАТЫЛЫШ РЕСУРСТАРЫН ТУРУКТУУ БАШКАРУУ** | | | |
| 6.1 | Бул стандарт Долбоорго тиешелүү эмес. Жашоо чөйрөсүндөгү жана корголуучу аймактардагы иш-чаралар Долбоордо каралбайт. | Колдонулбайт | Колдонулбайт |
| **СЭС 7: ТҮПКҮ ЭЛДЕР/ САХАРАНЫН ТҮШТҮГҮНДӨГҮ АФРИКА ӨЛКӨЛӨРҮ ТАРЫХЫЙ ЖЕТИШТҮҮ КАМСЫЗДАЛБАГАН САЛТТУУ ЖЕРГИЛИКТҮҮ ЖАМААТТАР** | | | |

| МААНИЛУУ ЧАРАЛАР ЖАНА АРАКЕТТЕР | | МӨӨНӨТҮ | ЖООПТУУ ТАРАП |
|---|---|---|---|
| 7.1 | Бул стандарт Кыргыз Республикасына карата колдонулбайт. | Колдонулбайт | Колдонулбайт |
| **СЭС 8: МАДАНИЙ МУРАС** | | | |
| 8.1 | ЖСЧБП долбоорунда каралган кокустуктарды табуу процедурасын ишке ашыруу. | ЖСЧБП долбоорунун ишке ашыруу мөөнөттөрүндөй жана Долбоорду ишке ашыруунун бүткүл мезгили. | КР ӨКМ/ ДИАБ |
| **СЭС 9: ФИНАНСЫЛЫК ОРТОЧУЛОР** | | | |
| 9.1 | Бул стандарт колдонулбайт, анткени финансылык ортомчулар болбойт. | Колдонулбайт | Колдонулбайт |
| **СЭС 10: КЫЗЫКДАР ТАРАПТАРДЫН КАТЫШУУСУ ЖАНА АЧЫККА БЕРҮҮ** | | | |
| 10.1 | **КЫЗЫКДАР ТАРАПТАРДЫН КАТЫШУУ ПЛАНЫ**<br>СЭС10 ылайык Долбоор менен байланышкан Кызыкдар тараптардын катышуу планын (КТКП) ишке ашыруу, анын ичинде кызыкдар тараптарды өз убагында, актуалдуу, түшүнүктүү жана жеткиликтүү маалымат менен камсыз кылуу жана алар менен манипуляциялардан, кийлигишүүлөрдөн, мажбурлоолордон, басмырлоолордон жана коркутуулардан эркин болгон маданий жактан ылайыктуу түрдө консультацияларды өткөрүү боюнча чараларды камтышы керек. | Долбоорду ишке ашыруунун бүткүл мезгили. | КР ӨКМ/ ДИАБ |
| 10.2 | **ДОЛБООРДУН АРЫЗДАРЫН КАРОО МЕХАНИЗМИ**<br>Учурдагы арыздарды кароо боюнча институционалдык механизмдин иштөөсүн, анын ичинде Дүйнөлүк банк тарабынан каржыланган жана ӨКМ тарабынан ишке ашырылып жаткан долбоорлордун алкагында түзүлгөн механизмдерди колдоо жана камсыз кылуу зарыл. Бул механизм Проектке байланышкан маселелерди жана арыздарды өз учурунда жана натыйжалуу | Долбоорду ишке ашыруунун бүткүл мезгили. | КР ӨКМ/ ДИАБ |

| МААНИЛУУ ЧАРАЛАР ЖАНА АРАКЕТТЕР | | МӨӨНӨТҮ | ЖООПТУУ ТАРАП |
|---|---|---|---|
| | түрдө, ачык-айкын, маданий өзгөчөлүктөрдү эске алуу менен, долбоордон таасир алган бардык тараптар үчүн жеткиликтүү түрдө кабыл алып жана чечүүгө көмөктөшүшү керек. Арыздар акысыз кабыл алынып, арыз ээлери үчүн терс кесепеттерсиз, анын ичинде анонимдүү түрдө берилүү мүмкүнчүлүгү камсыздалышы керек жана СЭС10 талаптарына ылайыктуу болушу керек.<br><br>Учурдагы институционалдык системаны толуктай турган Долбоорго караштуу арыздарды кароо механизмин (АКМ) түзүү жана бул АКМ СЭЗ/СК маселелери боюнча арыздарды кабыл алуу, каттоо жана чечүүгө көмөктөшө тургандай жабдылышы зарыл. Гендердик зомбулук боюнча арыздар болгон учурда, АКМ коопсуздукту, купуялуулукту жана жабырлануучуга багытталган принциптерди сактоо менен аларды тиешелүү кызмат көрсөтүүчүлөргө багыттап турууга милдеттүү. | ӨКШЧД долбоорун расмий жарыялангандан кийин жана Долбоордун иш-аракеттери башталганга чейин. | |

## ИШКЕ АШЫРУУГА ДАЯРДЫК КӨРСӨТКҮЧТӨРҮ

Төмөнкү иш-чаралар Долбоорду ишке ашырууга даярдыгынын көрсөткүчтөрү болуп саналат:

**А:** Долбоордун экологиялык, социалдык, ден соолук жана коопсуздук тобокелдиктерин жана таасирин башкарууну кароо үчүн аткаруучу агенттиктерде квалификациялуу персонал жана ресурстардын болушун камсыз кылуу.

**1.1:** Долбоордун Операциялык колдонмосу жана ЖСЧБП долбоору талап кылган экологиялык жана социалдык аспектилерди өзгөчө кырдаалдарга чара көрүү Планына киргизгиле, бул План активдештирүү Билдирүүнүн бир бөлүгү болуп саналат.

**1.2:** Долбоордун ЖСЧБП долбоорун Дүйнөлүк банктын социалдык жана экологиялык стандарттарына (СЭС) ылайыктуу ишке ашыруусу.